DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2020

*Таштанбек кызы А.*

# АЯЛДАРГА ЖАНА ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕРГЕ КАРАТА ЖАСАЛГАН ГЕНДЕРДИК КЫЛМЫШТАР ЖӨНҮНДӨ

*Таштанбек кызы А.*

# О ГЕНДЕРНЫХ ПРЕСТУПЛЕНИЯХ В ОТНОШЕНИИ ЖЕНЩИН И НЕСОВЕРШЕННОЛЕТНИХ

*Tashtanbek kyzy A.*

# ON GENDER CRIMES AGAINST WOMEN AND MINORS

*УДК: 34.343*

*Макала актуалдуу маселелерге арналган: аялдарга жана жаш балдарга зомбулуктун таасири, аларга карата жасалган гендердик кылмыштардын бетин ачууда тергөөчүнүн кесипкөйлүгүнүн мааниси. Автор тиешелүү укуктукченемдик актыларга, теориялык жана эмпирикалык базага таянып, Кыргызстан, башкы эл аралык келишимдерге катышуучу болгондуктан, аялдарга жана жаш балдарга карата жасалган зомбулук кылмыштарын иликтөөдө адилеттүүлүккө жана тергөөнүн, соттук териштирүүнүн бардык этаптарында дискриминацияны болтурбоону камсыздоо милдети өз жоопкерчилигине алган. Ошондуктан көп учурда бул милдет ички иштер, сот кызматкерлеринин кесипкөйлүк ишмердүүлүгүнө байланыштуу. Автор эл аралык деңгээлде зомбулуктан жабыркаган аялдарга жана жаш балдарга карата мамиле түзүүнүн стандарттуу операциялык жолдору иштелип чыгылгандыгына көңүл бурган. Гендердик кылмыштарды териштирүүнүн сапаты басымдуу бөлүктө тергөөчү менен кылмыштан жабыркагандын ортосундагы ишенимдүү мамилелердин түзүлүшүнө байланыштуу экендиги, иштерди кароодон мурун адистердин атайын даярдыктан өтүүлөрү керектигин көрсөтүлөт. Макалада автор гендердик кылмыштардын жабырлануучуларын - аялдарды жана жашы жете элек балдарды – суракка алуунун ыкмаларын, ким тарабынан жүргүзүүнүн керек экендигин караган. Жабырлануучу менен жагымдуу психологиялык контакт түзүүнүн, тергөөчүнүн компетенттүүлүгү, анын медициналык-анатомиялык терминдерди, психология жана педагогиканын негиздерин билгендиги жашы жете электер менен иш алып барууда чоң мааниге ээ экендиги көрсөтүлөт.*

***Негизги сөздөр:*** *жашы жете электер, аялдар, укук, зомбулук, терс таасири, гендердик кылмыштар, тергөөчү, компетенттүүлүк.*

*Статья посвящена актуальным вопросам: влияние насилия на женщин и несовершеннолетних детей, значение профессиональной компетентности следователя в раскрытии гендерных преступлений, совершенных по отношению к ним. Автор, опираясь на нормативно-правовые акты, теоретическую и эмпирическую базу, подчеркивает, что в Кыргызстан, являясь участником основополагающих международных договоров, взял на себя обязательства на всех этапах следствия преступлений, связанных с насилием женщин и детей, обеспечивать им доступ к правосудию и отсутствие дискриминации на всех этапах следствия и судебного разбирательства. Поэтому эта обязанность зачастую связана с профессиональной деятельностью работников внутренних дел, суда. Автор обращает внимание на разработанные на международном уровне стандартные операционные процедуры обращения с женщинами и детьми - жертвами насилия. Показано, что качество расследования гендерных преступлений во многом зависит от установления доверительных отношений между следователем и жертвой преступления, специальной подготовленности специалистов перед рассмотрением таких дел. В статье автор затрагивает вопросы техники проведения допроса женщин и детей - жертв насилия, и кто может провести его. Подчеркивается, что установление благоприятного психологического контакта, компетентность следователя, необходимость его знаний медико-анатомических терминов, основ психологии и педагогики играют большую роль в работе с несовершеннолетними.*

***Ключевые слова:*** *несовершеннолетние, женщины, право, насилие, негативное влияние, гендерные преступления, следователи, компетентность.*

*The article is devoted to pressing issues: the impact of violence on women and minor children, the importance of the professional competence of an investigator in revealing gender crimes committed against them. The author, relying on normative legal acts, a theoretical and empirical base, emphasizes that in Kyrgyzstan, being a party to fundamental international treaties, it undertook obligations at all stages of the investigation of crimes related to violence of women and children, to provide them with access to justice and the absence of discrimination at all stages of the investigation and trial. Therefore, this obligation is often associated with the professional activities of employees of the interior, the court. The author draws attention to the internationally developed standard operating procedures for the treatment of women and children victims of violence. It is shown that the quality of the investigation of gender crimes largely depends on the establishment of a trusting relationship between the*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*investigator and the victim of the crime, the special preparedness of specialists before considering such cases. In the article, the author addresses the issues of techniques for conducting interrogation of women and children - victims of violence, and who can conduct it. It is emphasized that the establishment of favorable psychological contact, the competence of the investigator, the need for his knowledge of medical and anatomical terms, the basics of psychology and pedagogy play a large role in working with minors.*

***Key words:*** *minors, women, law, violence, negative influence, gender crimes, investigators, competence.*

Аялдарга жана жашы жете электерге карата жасалган гендердик кылмыштарды кароодо, Кыргыз Республикасында 2019-ж. 1-январынан баштап күчүнө кирген жаңы Жазык Кодексинде, жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндигине каршы багытталган кылмыштарга, инсандын рухий-моралдык ден соолугуна каршы, ошондой эле үй-бүлөлүк мамилелердин ыраттуулугуна каршы кылмыштарга жоопкерчилик каралган [3; 161-168-бб.]. Алардын арасында: зордуктоо; сексуалдык мүнөздөгү күч колдонуу менен иш-аракеттер; он алты жашка жете элек жак менен сексуалдык мүнөздөгү кыймыл-аракеттер; никеге турууга адамды мажбурлоо жана ал үчүн аны уурдоо, көп аялдуулук, ошондой эле диний салттарды жүргүзүүдө нике курак тууралуу мыйзамдарды бузуу. Бул кылмыштардын курамы гендердик кылмыштарга кирет, анткени көпчүлүк учурда алар аялдарга жана жашы жете электерге карата жасалат.

Кыргыз Республикасы, башка эл аралык келишимдердин катышуучусу болуп, зомбулуктун бардык түрүнөн аялдарды жана жаш балдарды коргоо, ошондой эле аларга адилеттүүлүккө жана соттук териштирүүнүн бардык этаптарында дискриминацияны болтурбоону камсыздоо милдетин өзүнө алган. Эл аралык деңгээлде зомбулуктан жабыркаган – аялдар жана жаш балдарга карата мамиле түзүүнүн стандарттуу операциялык жолдору иштелип чыгылган, алар жабыркагандардын коопсуздугунун жана корголушуна, конфиденциалдуулук принциптерине, жабыркагандын керектөөлөрүнүн артыкчылыгана жана дискриминациянын жоктугуна негизделген [1; 19, 34, 36, 37, 40-бб.].

Адилеттүүлүктүн жолунда гендердик кылмыштардан жабыркагандар мыйзамдардын жетишпестиктерине, кесипкөйлүктүн жетишсиз деңгээли, коррупциялык көрүнүштөр жана коомдогу зомбулуктан жабыркагандар тууралуу терс түшүнүктөргө байланышкан олуттуу тоскоолдуктарга учурашат [6; 23].

Сот аялдардын кыргыз ассоциясынын талдоосу көрсөткөндөй, зордуктоо тууралуу кылмыш иштердин 60% сотто токтотулган. Ошондой эле, ички иштер органдарынын, прокуратуранын жана соттордун өкүлдөрү сексуалдык зомбулукка дуушар болгон аялдарга жана жаш балдарга карата ар кандай гендердик адаттагы ой-пикирлерге ынамдуураак болушат, натыйжада бул нерсе жабыркагандардын дискриминациясына жана укуктарынын бузулушуна алып келет [7; 34].

Гендердик кылмыштарды териштирүүнүн сапаты көп учурда тергөөчү менен кылмыштан жабыркагандын ортосундагы ишенимдүү мамилелердин түзүлүшүнө көз каранды, анткени жабыркануучу толук ишенимдүү жана коопсуз шарты түзүлгөндө гана толугу менен ачылып тергөөгө керектүү маалыматты бере алат. Белгилей кетүү зарыл, жабыркагандар менен иш алып баруунун жогорку эрежелерин сактоого негизделген, тергөөчүнүн кесипкөй иши, алардын экинчи виктимизациясын болтурбоонун жана ошондой эле коомго кийинки ийгиликтүү реинтеграцияланышынын маанилүү өбөлгөсү [8; 26].

*Жаш балдарга зомбулуктун таасири*. Балдарга карата зомбулук жашы жете электердин ден соолугуна, үй-бүлөлөрдүн, жамааттардын жана өлкөлөрдүн бакубат жашоосуна өмүр бою таасир берүүчү кесепеттерге алып келет. Жаш балдарга карата зомбулук өлүм менен да аяктаган учурлар жок эмес. Бычак жана ок атуучу куралды колдонуу менен жасалган көпчүлүк киши өлтүрүүлөр жана оор жаракат алуу, өспүрүмдөр өлүмүнүн негизги үч себептеринин бири болуп эсептелет, ошондо да жабыркагандардын жана кылмышкерлердин 80%дан көбүн – эркек балдар түзүшөт [5;78].

Ар бир киши өлтүрүүгө жаштар арасындагы мушташуулардын жана кол салуулардын натыйжасында жаракат алган, мээнин жана нерв системасынын өрчүшүнө таасирин тийгизүүчү зомбулуктун жүздөгөн жабыркануучулары дал келет (басымдуу бөлүктө эркек жынысындагы).

Балачак кезинде башынан өткөргөн зомбулук мээнин өрчүшүнө терс таасирин тийгизип, нерв системанын башка бөлүктөрүнө, эндокриндик, кан тамыр, скелеттик-булчундук, репродуктивдүү, дем алуу жана иммундук системага өмүр бою залалын келтириши мүмкүн. Ушуга байланыштуу балдарга карата зомбулук когнитивдик өнүгүүгө терс натыйжа берип жана сабакка жетишүүсүнө, ошондой эле кесиптик ишмердүүлүктүн ийгиликтүүлүгүнө таасир берет;

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



стресске жана жүрүм-турумга, ден соолукка тобокел жараткан, негативдүү реакцияга алып келиши мүмкүн [5; 53].

Зомбулукка жана башка терс факторлордун таасири астында жүргөн балдар көбүрөөк тамеки тартууну, алкоголдук ичимдиктерди кыянаттык менен колдонууну, наркотиктерге үйрөнүшөт, жана жогорку тобокелчиликтүү сексуалдык мамилелерди түзүүгө барышы мумкүн. Алардын арасында ошондой эле оор оорулардын, депресссиянын, жана башка психикалык ден соолук чөйрөсүндөгү жана өзүн-өзү өлтүрүүнүн көрсөткүчтөрү кыйла жогору экендиги белгиленет; пландаштырылбаган кош бойлуулукка, жасалма абортторго, гинекологиялык илдеттерге жана жыныстык катнаш аркылуу жугуучу ооруларга, алардын ичинде СПИДке алып келиши мүмкүн; кийинки турмушунда бир катар инфекциялык эмес оорулардын катарынын өсүшүнө алып барат. Зомбулуктун натыйжасында, стресске жана жогорку тобокелчилик жүрүм-турум формалары менен бай-ланышкан жүрөк-кан тамыр илдеттердин, рак, диабет жана ден соолуктун башка бузууларынын мүмкүндүгү кескин өсөт; болочок муундардын мүмкүнчүлүктөрүнө да таасири ыктымал [5; 68].

Зомбулукка жана башка терс себептерге дуушар болгон балдар, мектепти таштоого, жумуш табуу жана жумуш орунда туруктуу эмгектенүүдө кыйынчылыктарга жоолугаары да көбүрөөк мүмкүн. Ошондой эле алар инсандар ортосундагы зомбулуктун же өзүнө каршы зомбулукта жабыркануучу болууга же алардын кийинки жашоосунда ушундай зомбулукка жол бергендиги көбүрөөк ыктымал. Демек балдарга карата зомбулук болочок муундардын келечегине таасирин бербей койбойт.

*Балдар укуктарынын эң мыкты камсыздалышы.* Балдарга карата мамилелерде бардык аракеттерде жаш балдар укуктарын, алгач ар кандай ажыратуулардан, кыянаттык пайдалануулардан же камкор-дуктун жоктугунан коргоо укугун кошкондо, камсыздоого көңүл бурулат. Жаш курак сот адилеттигин жүзөгө ашырууда баланын укуктарын толук кандуу ишке ашырууда тоскоол болбошу керек. Ар кандай балдар менен мамиле түзүүдө, эгерде алардын жашы жана жетилүү деңгээли жардам берүүчү баарлашуунун жана жардамдын башка түрлөрүн, каражаттарын колдонуу же колдонбоо менен ишеним жараткан так маалымдоого негиз түзсө, алардын жаш курагын эске алып, балдарды суракка алуу, же алар берген маалымат анык же так эмес деп балоого жол бербейт, алар жөндөмдүү күбө катары эсептелиши абзел.

Ар бир бала көз карашын, ой-пикирин жана кооптонуусун өз сөзү менен эркин чагылдырууга укуктуу [1; 13-б.], жана ал айткан сөздөргө жаш баланын жаш курагын жана жетилүүсүн эске алуу керек. Жабырлануучу-балдар жана кылмыштын күбөлөрү алгачкы мезгилде өз өмүрлөрүн коргоо укугун колдонуулары керек. Коомчулуктун жетишсиз деңгээлдеги көңүл бурулушу жаш баланы коргоо маселесине басым жасоону талап кылат.

Ар бир бала расалык, этникалык таандыгына, терисинин түсүнө, жынысына, тилине, динине, саясий жана башка ынанымдарына, этникалык же социалдык абалына, мүлктүк абалына, баланын ден соолугуна жана туулгандыгына, жана башка жагдайларга карабастан адилеттүү жана бирдей мамилеге укуктуу [1; 30-б.].

Ички иштер кызматкерлери, жактоочулар жана башка сот кызматкерлери балдар жабырлануучу болгон иштерди кароодон мурун атайын даярдыктан өтүүлөрү керек. Сурамжылоо, суракка алуу жана тергөөнүн башка формалары баланын укуктарын урматтоону жана анын кызыкчылыктарын ар тараптуу изилдөөнү эске алган иш-аракеттерди ашырган, даярдоодон өткөн кызматкерлер тарабынан жүргүзүлсө туура болот.

Бардык иш-аракеттер баланын өзгөчө керектөөлөрүн эске алган, ал сүйлөгөн жана түшүнгөн тилди колдонуу менен, сот жараянын ишке ашыруу керек. Жабырлануучу-балдар жана күбөлөр, алардын ата-энелери же мыйзамдуу опекундары сот адилеттүүк жараянына учурагандан алгачкы мезгилден акырына чейин үзгүлтүксүз өз укуктары тууралуу маалымат алууга укуктуу [3; 156, 163, 174-бб.].

Жаңы кодекс боюнча, суракта, бетме-бет коюуда, 14 жашка чейинки жашы жете элек сурак берүүчүнүн жактоочусу, педагог, психолог, дарыгер, ата-энеси, мыйзамдуу өкүлү, алар жокто балдарды коргоо боюнча ыйгарымдуу мамлекеттик органдын кызматкери чакырылат [4; 196].

Илимпоздордун белгилөөлөрүндө, аялдарга жана жаш балдарга карата зомбулук фактыларын тергөө ийгилиги көпчүлүк учурда тергөөчүнүн алар менен ыңгайлуу психологиялык абалды түзүүгө, ишенимди жаратууга жана тергөөнүн ийгиликтүү аякташына,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



зомбулук жасаган жактын жазага тартылышына ишеним жаратышына байланыштуу. Ошондуктан, жабырлануучу менен өз ара катышууда, тергөөчүнүн жынысы, жаш курагы, маалыматты берүүнүн вербалдуу эмес усулдарын өздөштүрүү: туура тандап алынган сүйлөөнүн ылдамдыгы жана үндүн бийиктиги, позасы, мимикасы, жесттери - таасирин берет.

Гендердик кылмыштардын жабырлануучуларын - аялдарды жана балдарды - суракка алууну аял-тергөөчүгө, же жабырлануучунун жашынан уулу адиске тапшыруу туура болот. Жыныстык кылмыштын жабырлануучусу менен эркек, милициянын кызматкери болгон учурда да, кызматташууда тоскоолдуктар жаралат. Кызматкердин темпераменттик тиби маанилүү, ал сабырдуу, туруктуу психикага ээ болгондугу жакшы болот. Жабырлануучу менен жагымдуу психологиялык контакт түзүүнүн башкы шарты болуп – укук коргоочу кызматкердин жылуу-жумшак мамилеси, сылыктыгы, жакшы көрүнүшү, маданияттуу жүрүм-туруму, ачыктыгы эсептелет.

Тергөөчүүнүн компетенттүүлүгү анын медициналык-анатомиялык терминдерди, психология жана педагогиканын негиздерин билгендиги жашы жете электер менен иш алып барууда чоң мааниге ээ. Тергөөчү жетиштүү билимге ээ болушу, зомбулуктан жабырланган жактын үзгүлтүктүү жана тили бул-дуруктаган сүйлөгөнү иштин маңызын аныктап, конкреттүү жана багытка алып чыгаруучу суроолорду берүүгө жардам берет [5; 90].

Кызматкердин жабырлануучууларга, мисалы маргиналдаштырылган топтордун өкүлдөрүнө – мурун да кылмыш жасаган, наркотиктерди колдонгон аялдарга, бирдей мамиле түзүү чон ролду аткарат. Тергөөчү жабырланган жакка эмоционалдык жардам көрсөтүп, болуп өткөн окуянын адилетсиздиги тууралуу оюун айтып, башынан өткөргөн зомбулуктун оордугун кабыл алгандыгын жана түшүнгөндүгүн билдириши керек.

Сурак мезгилинде тергөөчү суроолорду бергенде алардын сылыктыгына, сөз түрмөктөрүн туура түзүүгө көңүл бурушу керек. Кээ бир учурларда жабырлануучуга кагаз бетине окуяны жазууну сунуштоо – туура кадам. Андан кийин тактоочу жана конкреттештирүүчү суроолорду берүү зарыл. Сурамжылоо ар дайым максималдуу деталдуу болгону туура эсептелет. Психологиялык билимге таянып, тергөөчү зомбулуктан жабыркаган жаш балдарга, аялдарга туура мамиле түзүүгө алып барат, аларды колдойт, сындабайт, сөздөрүнүн маанисин тааныйт.

Биздин республикада жүргүзүлгөн иликтөөлөр көрсөткөндөй, зомбулуктан келип чыккан кыйынчылыктар фактылар тууралуу басымдуу жабырлануучулар ички иштер органдарына кайрылбагандыгын белгиленген [8;13]. Себеби, коом көп учурда жабырлануучулардын өзүн сындайт, бул нерсеге калыптанган гендердик стереотиптер, салттуу жана диний көз караштар негиз болот. Укуктук билимдин жетишсиздиги, өз күчүнө ишенбестик, материалдык камсыздыктын төмөндүгү, укук коргоочу органдарга ишенбестик жабыркагандардын милицияга кайрылуусун азайтат.

Практика көрсөткөндөй, көпчүлүк ата-энелер, өз баласына карата зомбулук жөнүндө маалым болгондо, кандай иш-аракеттерди жасоону билишкен эмес. Көп учурларда милицияга кайрылуу тууралуу чечим бир канча күндөн кийин кабыл алынат, бирок анда көптөгөн маанилүү далилдер жоготулган болгон (балдар жуунтулган, кийим-кечелери жуулган же ташталып жиберилген).

Ошентип, жашы жете электерге карата зомбулук алардын ден соолугуна, үй-бүлөлөрүнүн бакубат жашоосуна өмүр бою таасир берүүчү кесепеттерге алып келет. Аялдарга жана жашы жете электерге карата жасалган, гендердик кылмыштар боюнча жоопкерчилик Кыргыз Республикасында жаңы Жазык Кодексинде каралган. Кыргыз Республикасы эл аралык келишимдердин катышуучусу катары зомбулуктун бардык түрүнөн аялдарды жана жаш балдарды коргоо, адилеттүү соттук териштирүүнү камсыздоо милдетин өзүнө алат. Гендердик кылмыштардан жабыркагандар ар кандай себептерге байланыштуу олуттуу тоскоолдуктарга учурашат. Гендердик кылмыштарды териштирүүнүн сапаты көп учурда тергөөчү менен кылмыштан жабыркагандын ортосундагы ишенимдүү мамилелердин түзүлүшүнө, ички иштер кызматкерлеринин атайын даярдыктан өткөндүгүнө көз каранды.

**Адабияттар:**

1. Отчет об исследовании судебной практики в Кыргызской Республике по преступлениям в отношении женщин и девочек. Кыргызская ассоциация женщин-судей. - Бишкек, 2017. - 126 с.
2. Елиференко А.Б., Исмаилова К., Осмонова А. Роль органов внутренних дел в предотвращении и противодействии гендерному и семейному насилию. - Б., 2012.
3. Кыргызская ассоциация женщин-судей. - Бишкек, 2017. - 107-б.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557




4. Оказание психологической помощи лицам, пострадавшим от сексуального-гендерного насилия во время кризисов и чрезвычайных ситуаций. / Учебное пособие. - Бишкек, 2016. - 35-б.
5. Конвенция о правах ребенка. Принята резолюцией 44-25 Генеральной Ассамблеи ООН 20 нояб.ря 1989. https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/childcon.shtml
6. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 2010-жылдын 27-июнунда Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынды. (КР 2010-жылдын 27-июнундагы Мыйзамы менен колдонууга киргизилди) http://cbd.minjust. gov. kg/act/view/ru-ru/202913?cl=ky-kg
7. Кыргыз Республикасынын Жазык Кодекси 2016-ж. 22-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши тарабынан кабыл алынган (2019-ж. 1-январынан баштап күчүнө кирген). /Эркин Тоо, 31-декабрь, 2017-ж. 161,162,164,165,175-179,197 беренелери. http://erkintoo.kg/uploads/ default/newspapers/ET_30_01.pdf.
8. Уголовно-процессаульный кодекс Кыргызской Республики от 2 февраля 2017 года №20 (Вводится в действие Законом КР от 24 января 2017 года №10 с 1 января 2019) (В редакции Закона КР от 15 мая 2019 г. N62, ст. 179,197).http://cbd.minjust.gov.Kg/act/view/ru-ru/111527